**ТАРБИЯ ЖАНА ТААЛИМ**

**ВОСПИТАНИЕ И ОБУЧЕНИЕ**

**EDUCATION AND TRAININ**

***Коңурбаев Тууганбай Абдырахманович,***
***психология илимдеринин кандидаты, доцент,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары,***

***Алымбаева Бермет Бекешовна,***
***лаборатория башчысы,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары,***

***Бейшенбаева Бусара Тураровна,***
***ага илимий кызматкер,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары,***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЭТНОПСИХОЛОГИЯЛЫК ИДЕЯЛАРДЫН ПАЙДА БОЛУШУ

***Коңурбаев Тууганбай Абдырахманович,***
***кандидат психологических наук, доцент,***
***Кыргызская академия образования,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

***Алымбаева Бермет Бекешовна,***
***заведующая лабораторией,***
***Кыргызская академия образования,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

***Бейшенбаева Бусара Тураровна,***
***старший научный сотрудник,***
***Кыргызская академия образования,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

## ВОЗНИКНОВЕНИЕ ЭТНОПСИХОЛОГИЧЕСКИХ ИДЕЙ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

***Konurbaev Tuuganbai Abdyrahmanovich,***
***Candidate of Psychological Sciences, Docent,***
***Kyrgyz Academy of Education,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

***Alimbaeva Bermet Bekeshovna,***
***Head of Laboratory,***
***Kyrgyz Academy of Education,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

***Beishenbaeva Busara Turarovna,***
***Senior Researcher,***
***Kyrgyz Academy of Education,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

# THE EMERGENCE OF ETHNOPSYCHOLOGICAL IDEAS IN THE KYRGYZ REPUBLIC

***Аннотация:*** *Бул макалада Кыргыз Республикасындагы ааламдашуу, социалдык трансформация, улуттук баалуулуктардын кайра жаралуу шартында этнопсихологиялык идеялардын пайда болушу жана өнүгүшү каралат. Кыргыз этнопсихологиясынын тарыхый-маданий башатында элдик оозеки чыгармачылыктардагы идеялардын мааниси чоң экендигине өзгөчө көңүл бурулат. Кыргыз элинин үрп-адаттарында, ырым-жырымдарында жана каада-салттарында кездешкен этнопсихологиялык ойлор талдоого алынат. Ошондой эле Орто Азия ойчулдарынын, кыргыз акындарынын жана коомдук ишмерлердин чыгармаларындагы этнопсихологиялык идеяларды илимий жактан талдоо аракеттери камтылган.*

***Аннотация:*** *В данной статье рассматриваются процессы формирования и развития этнопсихологических идей в Кыргызской Республике в условиях глобализации, социальных преобразований и возрождения национальных ценностей. Особое внимание уделяется историко-культурным истокам этнопсихологии кыргызского народа, отражённым в устном народном творчестве, обычаях, обрядах, традиционной системе воспитания, а также в трудах кыргызских мыслителей, поэтов и государственных деятелей.*

***Annotation:*** *This article examines the formation and development of ethnopsychological ideas in the Kyrgyz Republic in the context of globalization, social transformation, and the revival of national values. Particular attention is paid to the historical and cultural origins. ethnopsychology of the Kyrgyz people, reflected in oral folklore, customs, rituals, the traditional system of education, as well as in the works of Kyrgyz thinkers, poets and statesmen.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *этнопсихология, руханий маданият, баалуу идеялар, тарбия, психологиялык маданият,кубулуштар, каада-салт,элдик оозеки чыгармалар.*

***Ключевые слова:*** *этнопсихология, духовная культура, ценностные идеи, образование, психологическая культура, феномены, традиции, народное устное творчество.*

***Key words:*** *ethnopsychology, spiritual culture, value ideas, education, psychological culture, phenomena, traditions, folk oral literature.*

**Киришүү.** Кыргызстанда этнопсихологиялык идеялардын пайда болушунун тарыхы терең. Анын белгилүү убактысын бөлүп көрсөтүү да мүмкүн эмес. Бирок этнопсихологиялык идеялардын пайда болушунда, бир нече факторлордун таасирлери бар деп айтууга болот. Кыргыз Республикасында этнопсихологиялык идеялардын пайда болушу коомдун тарыхый-маданий өнүгүүсү, этностук өзгөчөлүктөрү жана улуттук аң-сезимдин өзгөрүшү менен тыгыз байланышта.

Кыргыз элинин каада-салты, үрп-адаты, дүйнө таанымы, баалуулуктары жана жүрүм-турум нормалары кылымдап келе жаткан этнопсихологиялык идеялардын башаты. Ошондуктан, этнопсихологиялык идеялардын пайда болушун кыргыз элинин оозеки

чыгармачылыктарынан, каада-салттарынан, коомдук мамилелерден жана элдик педагогикадан издөө психология илиминин Кыргызстанда калыптанышына олуттуу мамиле жаратып, психологиянын тарыхын терең түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ар бир илимди өздөштүрүүдө, анын тарыхын билүү маанилүү. Бул өңүттөн алып караганда, макалада көтөрүлүп жаткан көйгөй психология илиминин актуалдуу маселелеринин бири болуп саналат.

Кийинчерээк, советтик доордо, улуттук аспектер эскинин калдыгы катары каралып, жалпы совет элин, советтик салттарды түзүүнүн айланасындагы саясий идеологиялык аракеттер илимий багыттардын да өзгөрүшүнө себеп болгон. Бирок, постсоветтик мезгилде жогоруда аталган идеялар илимий багыт катары өнүгүп, адамдын этникалык мүнөзүн, улуттук психологиянын өзгөчөлүктөрүн жана социалдык жүрүм-турумдагы айырмачылыктарды талдоого багытталган илимий изилдөөлөр менен толукталды. 1990-жылдардан баштап, жогорку окуу жайларда этнопсихология психология илиминин бир тармагы катары өз алдынча предмет катары окутулуп, кыргыз тилинде окуулуктар пайда болду. Бүгүнкү күндө, этнопсихология Кыргызстанда көп улуттуу коомдо этностор аралык мамилени камсыз кылууга багытталган изилдөөлөрдү, маданий өзгөчөлүктөрдү түшүнүү жана улуттук идентүүлүктү сактоо сыяктуу актуалдуу маселелерди илимий багыт катары алдыңкы иш мерчемине алып чыгууда. Бул жалпы Кыргыз мамлекети жана кыргыз эли үчүн өтө маанилүү илимий багыт болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты.** Кыргыз Республикасында этнопсихологиялык идеялардын пайда болуу тарыхын, ошондой эле кыргыз элинин улуттук өзгөчөлүктөрү, оозеки чыгармачылыктары, каада-салттары, дүйнөтаанымы менен этнопсихологиялык көз караштардын өз ара байланыштарына назар салуу.

Бул макала кыргыз элиндеги этнопсихологиялык идеялардын жаралышына арналган.

**Изилдөөнүн методу.** Макалада тарыхыйлык илимий булактарды талдоо жана анализ методу пайдаланылды.

**Негизги мазмуну.** Этнопсихология илиминин Кыргызстанда калыптанышында жана өнүгүшүндө чыгыш ойчулдары – Ибн-Сина (Авиценна), Джалалидин Давани ж.б. чыгыш ойчулдарынын кошкон салымы чоң. Алар бир эле Кыргызстан эмес, жалпы Орто Азия жана Казакстандын маданиятын, илимин түзүүгө өз салымдарын кошушкан. Орто кылымдагы ойчулдардын чыгармаларынан этнопсихологияга байланышкан кызыктуу ойлорду табууга болот. Албетте, ал мезгилди бүгүнкү күндүн мерчеми менен кароого болбойт.

Ибн-Синанын чыгармаларында этнопсихологиялык идеялар арбын. Ала турган болсок, адамдын мүнөзү, ой жүгүртүүсү жана жүрүм-туруму жашаган аймагына, климатына, коомдук чөйрөгө байланыштуу калыптанат деп эсептеген. Бул ой этностун психологиясы табияттык жана социалдык шарттардын таасири менен түзүлөрүн далилдейт. «Канон врачебной науки» жана философиялык эмгектеринде тарбия, адеп-ахлак, каада-салт адамдын психикалык абалына таасир этерин белгилеген. Ар бир элдин тили өзүнө мүнөздүү ой жүгүртүү формасын түзөт деген. Ар кайсы элдерде темпераменттин басымдуулугу ар башка болушу мүмкүн дегени, элдердин психологиялык айырмачылыгын түшүндүргөн алгачкы идеялардын бири болгон.

Ошондой эле кыргыз элине мүнөздүү болгон баланы тарбиялоодо атанын ролу жөнүндө мындай деген: «...Эне жаратылышынан жумшактыгы, баланы эркелетүүсү менен баланын мүнөзүн бузат; негизги тарбиячы – ата, ал таасир берүүнүн физикалык жолдорун колдонушу мүмкүн», – деген [1, 52].

Ал эми Джалалидин Давани «Психология жөнүндө трактат», «Балдарды тарбиялоонун методдору», «Каалоо этикасы» ж.б. эмгектерин жаратып, окутуу бир нече этаптардан тура тургандыгын жана тарбиянын маңызын ачууга аракеттенген. Ойчул тарбиялоодогу чөйрөнүн маанисин түшүнүүгө чейин көтөрө алган. Даванинин «баланын жаны, каалаган

сүрөттөрдү оңой тарта турган, таза доскага окшош» деген оюн 200 жыл өткөндөн кийин Джон Локк кайталаган. Ошентип, чыгыш ойчулдарынын эмгектеринде баалуу этнопсихологиялык идеялар бар деп айтууга негиз бар.

Ошондой эле, белгилүү ойчул Жусуп Баласагын – дүйнөлүк руханий маданияттын эле эмес, этнопсихология жаатында алгачкы баалуу идеяларды жараткан. Кыргыз аалымы Ж. Баласагындын «Куттуу билим» аттуу китеби кыргыз тилинде, кыргыз ойломунда жаралган алгачкы этнопсихологиялык идеяларды камтыган чыгарма деп айтууга болот. Анткени чыгармада элдин мүнөзүн, дүйнөтаанымын, руханий баалуулуктарын чагылдырган этнопсихологиялык терең ойлор арбын. Аларга төмөндөгүлөрдү киргизүүгө болот:

1) Ж. Баласагын адамдын ички дүйнөсү жана акыл-парасатына маани берип, адамдын эң негизги сапаты катары акылды, аң-сезимди эсептейт. Элдин психологиясы акылга таянса гана өнүгөт деп эсептейт;

2) Адеп-ахлак – бул элдин жүзү деген ойду берип, чыгармада уят, намыс, адеп, ыйман улуттун психологиялык өзөгүн түзөрүн баяндайт. Баласагындын ою боюнча: «Уятсыз эл бузулат, адептүү эл бекемделет». Бул коомдук жүрүм-турумду жөнгө салган салттык психологиянын көрүнүшү;

3) Автор сөз маданияты жана ички тартипке басым жасап, сөзгө этият болууну сунуштайт: «Ашыкча сүйлөө – акылсыздык, орду менен сүйлөө –акылмандык», – деп кыргыз этнопсихологиясындагы сабырдуулукка, токтоолукка мүнөздүү касиетке маани берет;

4) Ж. Баласагын өз чыгармасында башкаруучу менен элдин психологиялык байланышына көңүл буруп, «Элдин маанайын түшүнгөн башкаруучу – адилет, элдин абалын билбеген бий – зулум», – деп элде болгон коллективизмди, элдик жоопкерчиликти баса белгилейт;

5) Ж. Баласагындын эмгегинде кыргыз элине мүнөздүү болгон «тагдырга ишенүү жана аракеттин айкалышы» жөнүндө маалыматтар берилген. Чыгармада тагдырга ишенүү бар, бирок «Тагдыр бар, бирок аракетсиз адам жетишпейт», – деген формула баяндалган. Бул жалпы түрк элине таандык фатализм менен эмгкечилдиктин, аракеттин тең салмактуу психологиясын көрсөтөт;

6) Аталган чыгармада, автор, үй-бүлө жана тарбия жөнүндө этнопсихологиялык ойлорду берген. Бала тарбиясы: «Элдин келечеги, руханий уланмалуулук», – деп эсептеп, ата-эненин жүрүм-туруму баланын мүнөзүн түзөт деген. Бул этнопсихологиялык жана этнопедагогикалык мааниге ээ;

7) Ж. Баласагын «коомдук гармония жана ынтымак» жөнүндө баяндап, коом: «ар ким өз ордун билсе, бири-бирине урмат менен мамиле кылса гана өнүгөт», – деген. Бул ынтымакты, биримдикти жогору койгон элдик психологиянын чагылышы. Ошондуктан «Куттуу билим» жөн гана философиялык чыгарма эмес, ал кыргыз элинин (түрк элдеринин) дүйнөтаанымын, улуттук мүнөзүн жана психологиялык баалуулуктарын терең чагылдырган этнопсихологиялык мурас [2].

Кыргыз фольклорундагы адам жана анын моралдык сапаттары жөнүндөгү түшүнүктөрдөн этнопсихологиялык идеяларды издесе болот. Бул багытта белгилүү педагог Т.О. Ормонов мындай деген: «Кыргыз элинин тарбиялоо практикасын, психолого-педагогикалык ойлорун жана көп кылымдык маданиятынын өнүгүү тарыхын түшүнүү үчүн элдин оозеки поэтикалык чыгармачылыгын ар тараптан, удаалаш үйрөнүү зарыл», – деген [3, 28]. Т.О. Ормоновдун бул ою элдик оозеки чыгармалардан элдин улуттук психологиялык өзгөчөлүктөрүн билүүгө боло тургандыгын көрүүгө болот. Анткени, оозеки чыгармалар кыргыз турмушунан сыгып алынган туунду, жашоодогу негизги кубулуштар чыгармаларда объективдүү чагылдырылып келген.

Кыргызстанда этнопсихологиялык идеялардын жаралышында акындар поэзиясынын ролу чоң. Акындардын жардамы менен кыргыз эли көптөгөн мурастарды сактап калышкан. Алар өз чыгармаларында адамдын кулк-мүнөзү, жеке өзгөчөлүктөрү, личносттук сапаттары жөнүндө маалыматтарды

улуттук колоритте чагылдырышып, жаштарга акыл-насаат боло турган идеяларды жеткиришкен. Мындай абалда этнопсихологиялык идеялар сакталып, элге таратылып турган.

Ал эми этнопсихологиялык өңүттөн алып караганда, элдин уюткулуу көрөңгөсүн көтөрүп жүргөн адамдардын зоболосу бийик болорун турмуш далилдеп отурат. Алар бүгүнкү күнгө чейин өз актуалдуулугун жоготпой келе жаткан чыгармалардын авторлору, аткаруучулар: Сагынбай, Саякбай, Токтогул, Жеңижок, Кара Молдо, Тоголок Молдо, Калык Акиев, Алыкул Үсөнбаев, Ыбырай Туманов, Атай Огонбаев, Муса Баетов, Мыскал Өмүрканова, Рысбай, Токтосун Тыныбеков, Эстебес Турсуналиев, Замибек Үсөнбаев, Элмирбек Иманалиев ж.б. кайталангыс таланттардын бийиктиги, улуулугу – улуттук колориттен танбагандыктарында. Алар кыргыз кыртышына таандык ыкмаларды колдонуп, өркүндөтүшкөн.

Алардын чыгармаларына саресеп салып, «адам болуу» вазийпасы, жаштардын назарын буруучу негизги тарбиялоо багыты катары өзүнчө концепцияга алынгандыгы байкалат. Алар адамгерчилик, чынчылдык, ак ниеттик, достук, баатырдыкты даңазалашып, адамдагы жакшы сапаттардын үлгүсүн сунуш кылышкан. Адамдарда кездешүүчү оң же терс мүнөздөр, жакшы же жаман касиеттер, адал менен арамды ажыратуу, ак эмгек кылуу ж.б.у.с. элдик этиканын, моралдын деңгээлинде жаштарга жеткирилип турган. Ала турган болсок, Б. Алыкуловдун:

Айт, айт десе ааламды айт,
Аалам алга кадамдайт.
Ар түркүн өнөр чыгарган,
Ааламдагы адамды айт [4] – деген оюу азыркы учурдагы «аалам» жана «адам» ортосундагы катмардын кыргызча чечмеленишинин бир варианты катары карооого болот.

Ошондой эле балдардын курагын аныктоодо этнопсихологиянын элементтерин табууга болот. Кыргыз акындарын тартынбастан эле алгачкы этнопсихологдор жана этнопедагогдор деп айтсак болор эле. Жеңижок:

Үчкө жашка толгондо,
Үй бүлөдө тили бал.
Үйдүн ичин чаңытып,
Үч көтөрчү жини бар.
Төрткө жашы барганда,
Таңга маал торгойдой,
Сайрап турган балалык.
.......................................
Алты жашар убакта,
Атасы кармап берсе да,
Аптиек менен куранды,
Окубаган балалык [5, 34].
..............................................
Он үчкө жашы барганда,
Кырандын терет гүлдөрүн.
Карагат терип кетишет,
Калтырып алыс үйлөрүн [5, 35].
.........................................
Он сегизге барганда,
Ооматы жүргөн кез экен [5, 36] – деп ар бир куррактагы психологиялык мыйзам ченемдүүлүктөрдү, баладагы жаңы жаралууларды, элдик нарк-насилдин табиятында бере алган.

Кыргыз акындарынын чыгармалары чыгыш аалымдарынын өзөгүнөн бөлүнүп, жашоо турмушка өзүнчө көрк берип турат. Төкмө акындардын, айтыш өнөрпоздорунун чыгармаларын илимий айлампага киргизүү келечектин милдети экендигин белгилегибиз келет.

Эгер тарыхыбызга назар салсак, атайын тарбиялоо мекемелери болбогону менен элибиз улуттук мурастарды, баалуулуктарды жаш муундарга өткөрүп берүүнүн жергиликтүү шарттарын активдүү пайдалана алышкан. Мында негизги ролду акындар, оозунда сөзү бар аксакалдар, сөз баккан чечендер, сынчылар, манасчылар эл чогулган жерде өз өнөрлөрүн тартуулашып, бир жагынан элдин сынына өтүшүп, экинчи жагынан ал жерде катышкан жаш муундарга улуттук өзгөчөлүктөрдү, каада-салттарды, жүрүм-турум моделдерин сунуштай алышкан. Аксакалдар дөңгө отуруп алышып, элдик нарк, өткөн окуялар жөнүндө сөз курушкан, алардын айланасында ойноп жүргөн балдар оюндарын токтото калышып, уюткулуу сөздөрдү кулактарына илип алышкан.

Карыялардан өз улутунун өзгөчөлүктөрү, кулк-мүнөзү, баалуулуктары жөнүндө маалыматтарды алышкан.

Элибиздин тарыхына назар салып, баштан өткөргөн окуяларынан, жараткан маданиятынан, каада-салтынан, этнопсихология илиминин элементтерин учуратууга болот. Бир эле учурду карап көрөлү, баланын төрөлүшү жана торолушуна байланышкан, биздин изилдөөдөгү 11 каада-салтта, бүгүнкү күн үчүн зарыл болгон маанилүү этнопсихологиялык маалыматтар камтылган [7].

Баланын жарыкка келиши табияттын сырдуу бүтүмү, адамдардын улуу үмүтү. Биздин эл бул кубулушту коштогон каада-салттарды сактап, өнүктүрүп келет. Ал каада-салттардын алгачкысы балага «азан айтуу», «сүйүнчү», «ат коюу». «Азан айтуу» идеологдор тарабынан диний ырым-жырым катары четке кагылып келсе да, калктын калың катмарында аттап кете алгыс нарка айланган. Азан добушун укканда жасап жаткан ишиңди, кыймылыңды токтотуп, сабыр кыл, отуруп тургун дешет аксакалдар. Тарбиялык маани-маңызды өз кучагына алган элдик педагогиканын уңгусу ушул ойдун корунда. Анткени, үндү (обоз), үнү бийик адамды сыйла (адамды көргөн жок, үнү угулду), анын үнүнүн уккулуктуу экендигине кунт кой деген нарк жатат (ал эми, анын психо-физиологиялык терең мазмуну өзгөчө сөз кылууга арзыйт). Мындай нарктын жаралышын элдик псевдопсихология деп караса болот.

Элибиздин баланы бешикке бөлөп (бешикти көрбөгөн, түшүнбөгөн психологдор четке кагып жүрүшөт, кыргыз баласынын бешигинде чоң психолого-философиялык аспект жатат) өсүшүнө жараша, курагына ылайык «Бешик ыры», «Сал билек», «Тай-тай» ж.б. обондуу ырларды жаратып, колдонуп келгендиги, тарбиялоодо сырткы таасирлердин табиятын (өнүгүүдөгү социалдык фактор деп жүрөбүз) туура пайдалана билгендигинин күбөсү.

Бул багыттагы орошон ойду чыгыш аалымы, дарыгер Улукман аке (Авиценна Ибн Сина) өз учурунда баамдаган: «бөбөктүн торолушу үчүн пайдалуу каражаттардын катарына эки нерсе зарыл: биринчи – акырын терметүү, экинчи – бешик ыры, музыка. Бул эки нерсени кабыл алууга жараша балада физикалык көнүгүүгө жана музыкага багыт алуу башталат. Биринчиси денеге, экинчиси рухка (жан дүйнөгө) таандык».

«Бешик ырынын» генезиси, жалпы эле ыр жана музыканын тарбиялоодогу орду жөнүндө мындан ашып түшкөн ойду табуу оңойго турбас, табылган учурда да ашыкбаш болор. Улукман акенин айтканы улутуна карабай жалпы адамзат наркынан сызылып чыгат. Анын улуулугу да ошондо.

1990-жылдан кийин биздин Республикада этнопсихология ЖОЖдо өз алдынча предмет катары окула баштаган. Этнопсихология боюнча алгачкы изилдөөнү психология илимдеринин доктору, профессор Н.Н. Палагина [6] койгон. Ал өз изилдөөсүндө элдик тарбиялоо каражаттарын пайдаланып, «Мнимый жагдайларды» түзүп, балдардагы элестетүүнү 1,5-2 жаштан баштап калыптандырууга болот деген теорияны иштеп чыккан. Бул психология илиминде чоң сенсация жараткан. Ал эми Т.А. Коңурбаев [7] бала бакчада жогорку группанын балдарынын нарктуулуктарын кыргыз элдик каада-салттарынын негизинде калыптандыруунун психологиялык механизмдерин аныктаган.

Ошол эле учурда Т.А. Коңурбаевдин жетекчилиги менен жалпы билим берүүдө эле эмес, инклюзивдик билим берүү шартында да ден соолугу боюнча мүмкүнчүлүгү чектелген өспүрүмдөрдүн чөйрөгө социалдашуусу коомдун адеп-ахлагына, улуттук нарка, социалдык чөйрөнүн катмарларына ыңгайлашуу жөндөмүнө жараша боло тургандыгы каралган [8].

Э.С. Орозалиев, Н.К. Мусаева, А.И. Тентигенованын [9] «Кыргыз элинин психологиялык ойлорунун өнүгүүсү», деген окуу куралында акындардын чыгармалары психологиялык жактан кеңири талдоого алышкан. А. Закиров, М. Мурзаев, Качкын уулу Алтынбек ж.б. этнопсихология боюнча окуу китептерин жазышкан.

**Корутунду.** Жогорудагылардан агылар жыйынтык, Кыргыз Республикасында жаңы гана колго алынып, илим катары окулуп келе

жаткан этнопсихологиянын жаралуу убактысы өтө терең. Этнопсихологиялык идеяларды Орто кылымдагы ойчулдардын чыгармаларынан, элдик оозеки чыгармалардан, кыргыз элинин белгилүү манасчыларынын, акындарынын чыгармаларынан жана кыргыз элдик каада-салттардан издесе болот.

Кыргыз Республикасында этнопсихологиялык идеялар элдин тарыхый өнүгүүсү, маданий мурасы, салт-санаасы жана дүйнө таанымы менен тыгыз байланышта калыптанган. Кыргыз элинин көчмөн жашоо образы, коомдук түзүлүшү жана руханий баалуулуктары этнопсихологиянын негизги өзөгүн түзөт. Макалада белгиленгендей, этнопсихологиялык ойлор байыркы оозеки чыгармачылыкта, элдик педагогикада жана философиялык түшүнүктөрдө чагылдырылып, бара-бара илимий багыт катары өнүгө баштаган.

Көз карандысыздык мезгилинде улуттук аң-сезимдин жогорулашы этнопсихологиялык изилдөөлөрдүн активдешүүсүнө өбөлгө түзгөн. Натыйжада, кыргыз элинин мүнөз өзгөчөлүктөрүн, жүрүм-турумун жана баалуулуктар системасын илимий негизде изилдөө зарылдыгы күчөгөн. Демек, этнопсихология кыргыз коомунун өнүгүшүндө маанилүү роль ойноп, улуттук иденттүүлүктү сактоо жана өнүктүрүүдө өзгөчө мааниге ээ.

Ошондуктан Кыргыз Республикасында этнопсихологиялык идеялардын жаралышы терең, аны изилдөө психология илиминдеги актуалдуу маселелердин бирине айланган.

***Адабияттар:***

1. Измайлов А.Э. Народная педагогика Средней Азии и Казахстана. – М., 1991. – 256 с.
2. Баласагын Ж. Куттуу билим: Дастан / Байыркы түрк тил. котор. Т. Козубеков. – М., 1993. – 496 б.
3. Ормонов Т.О. Педагогическая пансофия кыргызского народа // Советская педагогика. – 1978. № 1. – С. 28
4. Алыкулов Б. Чыгармалар жыйнагы / Түзгөн Апилов. – Б., 1995. – 1 том. – Б. 9
5. Акматалиев А., Жусупбеков А., Мукасов М. Залкар акындар. Жеңижок. – Б., 1999. – 2 т. – 231 б.
6. Палагина Н.Н. Воображение у самого истока. – М. Институт практической психологии, 1997. – 184 с.
7. Коңурбаев Т.А. Формирование ценностных ориентаций у старших дошкольников на основе кыргызских народных традиций. 19.00.07. Автореферат диссертации на соискание ученой степени кандидата психологических наук. – Ташкент, 1999. – 20 с.
8. Коңурбаев Т.А., Момунова А.Н. Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген өспүрүмдөрдү социалдаштырууга инклюзивдик билим берүүнүн таасири // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2023. – № 1 (59). – С. 78-85.
9. Орозалиев Э.С., Мусаева Н.К., Тентигенова А.И. Кыргыз элинин психологиялык ойлорунун өнүгүүсү. Окуу куралы – Б.: «Полиграф бум– ресурстары», 2017. – 176 б.

***Рецензиялаган:***

***Асипова Н.А.,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***